
ISBN 9967-410-59-0

# БГУ жарчысы




# Вестник БГУ

КОПИЯ ВЕРНА
Ученый секретарь

№1(43) 2018

Подписной индекс 77382

*УДК 37.032*

***Байтокова А. С.**, преподаватель*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
*E-mail: ainura.baytokova@gmail*

# АЙТМАТОВДУН МУГАЛИМДЕРИ БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ҮЛГҮСҮ КАТАРЫ

# УЧИТЕЛЯ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА КАК ПРИМЕР ФОРМИРОВАНИЯ ОБЩЕЧЕЛОВЕЧЕСКИХ ЦЕННОСТЕЙ У БУДУЩИХ ПЕДАГОГОВ

# TEACHERS IN THE WORKS OF CH. AITMATOV AS AN EXAMPLE OF THE FORMATION OF UNIVERSAL VALUES AMONG FUTURE PEDAGOGUES

***Аннотация:** Макала учурдагы актуалдуу проблемалардын бири болгон жаш муундарды мугалимдик кесипке татыктуу тарбиялоо. Макалада Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимдердин орду жана алардагы жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө маселени козгойт.*

***Түйүндүү сөздөр:** жалпы адамзаттык баалуулуктар, гумандуулук, адеп-ахлак, руханий баалуулуктар, этикалык принциптер, мугалим темасы, ойчул, даанышман, компетенттүүлүк, илимий-техникалык прогресс ж.б...*

***Аннотация:** В статье затронута одна из актуальных проблем современности – достойное воспитание молодого поколения учителей. Статья рассматривает проблематику роли учителей и общечеловеческих ценностей в произведениях Чингиза Айтматова.*

***Ключевые слова:** общечеловеческие ценности, гуманность, мыслитель, мудрый, нравственно-этические принципы, духовные ценности, научно-технический прогресс, компетентность, учитель.*

***Annotation:** The article touches upon one of the urgent problems of our time - the dignified upbringing of the younger generation of teachers. The article considers the problems of the role of teachers and universal human values in the works of Chingiz Aitmatov.*

***Keywords:** universal values, humanity, thinker, wise, moral and ethical principles, spiritual values, scientific and technical progress, competence, teacher.*

Учурдагы илимий-техникалык прогресстин өсүп-өнүгүшү болочок мугалимдерден кесиптик билим жана билгичтиктерди гана талап кылбастан жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээгедер болууну жана келечектеги окуткан балдарга дагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууга жөндөмдүү болууну талап кылат. XXI кылымда адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөсү, анын катарында билим берүү чөйрөсү дагы чоң өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Азыркы учурдагы билим берүү чөйрөсү, жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээгедер жана компетенттүү мугалимдерге өзгөчө муктаждыгын билдирет. Билим берүүдөгү компетенттүүлүк профессионалдык билимди гана камтыбастан, өз кезегинде социалдык – инсандык сапаттарды дагы камтыйт. Ал эми жалпы адамзаттык баалуулуктар социалдык-инсандык компетенттүүлүктүн ажырагыс бөлүгү болгондуктан жалпы адамзаттык баалуулуктарга өзгөчө маани берүү зарыл. Практика жүзүндө азыркы учурга чейин педагогикалык кадрларды даярдоодо кесиптик билимге ээ болгону менен болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууга көңүл бурулбай

келет. Ушул жагдайдан чыгып болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу проблемасы бүгүнкү күндө актуалдуу маселелерди жаратат.

Жаш муундардын келечектеги алган ордун, мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктары жана мугалимдик чеберчилик менен терең байланышта кароого болот. Өзгөчө азыркы учурдагы балдардын өсүп - өнүгүшү, кулк-мүнөзү илим билимге ээ болуусу, интеллекти, жүрүш-турушу ата-эне жана тарбиячы-педагогдор тарабынан талыкпаган эмгекти, изденүүнү талап кылат. Улутубуздун мындан ары карай туура өсүп - өнүгүүсү өз кесибинин мыкты адистеринен жана алардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарынан көз каранды деп баа берүүгө болот. Андыктан жаш муундарыбызды өстүрүүдө илимий педагогиканын негиздери менен биргеликте жалпы адамзаттык баалуулуктарга дагы кадам жасообуз зарыл. Келечек ээлерине кам көрүүдө өлкөбүздөгү жаш муундардын социалдык, экономикалык, көйгөйлөрүн чечүү менен гана чектелип калбастан келечектеги жаш муундарыбыздын жүрөгүндө ыймандуулукту, рухий тазалыкты уялатышыбыз эң маанилүү жана учур көйгөйлөрүн чечүүгө коюлган талаптардын бири. Жогорудагы көйгөйлөрдүү чечүү аракетинде улуу жазуучуларыбыз жараткан чыгармаларга кайрылуунун ордун туура көрдүк. Жазуучулар жараткан көркөм чыгармалардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга эгедер мугалимдердин образынын чагылдырылышын жаш муундарыбызды келечекке карай туура жолго багыттоодогу тарбиялоонун бир булагы катары кароого болот. Андыктан мугалимдердин образы таасын чагылдырылган көркөм дөөлөттөрүбүзгө сересеп салсак, заманыбыздын залкар жазуучусу, даанышман, улуу ойчул Ч. Айтматовдун "мугалим" темасына кайрылуунун орду педагогика илиминде өзгөчө мааниге ээ деп белгилөөгө болот.

Улуу жазуучунун калеминен жаралган көркөм чыгармалардагы мугалимдердин ордуна, улуу педагогдор жана окумуштуулар, Н. Асипова, А. Алимбеков, А. Акматалиев, Т. К. Арзыбаев ж.б. кайрылышкан.

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимдер жалпы адамзаттык баалуулуктарга эгедер инсандар экендигине чоң маани берүү менен аларга болочоктогу мугалимдер үчүн тарбиянын уюткусу катары кароого болот. "Биринчи мугалим" повестиндеги адамгерчиликтин бийик чокусуна чыга алган, дегеле адамдар ортосундагы теңдик, адилеттүүлүктү даңазалаган, адамдын керт башынын эркиндиги үчүн күрөшүүгө даяр турган, аткарган кызматынын бийик жоопкерчилигин сезген, балдарды жана өз кесибин жан дили менен сүйгөн мугалим Дүйшөндүн образы чагылдырылган. Жогорку педагогикалык билими жок болсо дагы, өз кесибине болгон мамилеси, балдардын билимдүү болуп калышына кылган далаалаты азыркы жаш жана болочок мугалимдерге берилген тарбияны туюнтат. Дүйшөндүн күндүн суугуна карабай балдарды жонуна көтөрүп суу кечип мектепке ташыган күндөрүн эскерип Алтынай: "Биз анын билиминен да мурун, менимче ушундай адамгерчилигин, биз үчүн болгон илгери үмүт жакшы тилегин, бала болсок да баалап урматтай турганбыз. Антпесе бизди тизеден кар кечип, кычыраган аязда, борошодо жетелешип айылдан алыс турган мектепке барасыңар деп, көк муштумдай көгөрүп отуруп сабак окуйсуң деп зордогон эч ким жок" дейт. [1;1] Баланын таза жан дүйнөсү баарына баамчыл, баарына сезимтал келгендиктен жалпы адамзаттык баалуулуктардын алдыңкы сабында турган адамгерчиликти балдардын билиминен да жогору баалашкандыгы Алтынайдын сөзүнөн ачыктан ачык көрүнүп турат.

"Биринчи мугалим" повестинин башкы каармандарынын бири Алтынайдын сөзүнөн биз Дүйшөндүн балдарга билим берүү аракети менен кошо адамдык асыл сапаттарын баамдай алабыз. Демек, мугалим Дүйшөн балдардын жан дүйнөсүнө тынымсыз сүңгүп кирүү менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын жаратманы катары, ошол кездеги билим деп көздөрү жайнаган балдардагы жаңы нерселерди ачууга жетишкен.

"Таалим – тарбия маселелери улуу жазуучу тарабынан мугалимдин болгондо да биринчи мугалимдин – Дүйшөндүн образы аркылуу эл арасына терең урмат-сыйга ээ болгон десек жаңылышпайбыз. Аталган повесттеги "Биринчи мугалим" келечектеги жаштар үчүн билимдин мааниси өтө зарыл экендигин жана ошондой билим бериш үчүн мугалим бардык иштерге даяр экендигин далилдейт". [2; 2]

Жазуучу мугалимдик кесипке өзгөчө мамиле кыла тургандыгын жана мугалим бардык жакшылыктын үрөнүн себе турган адам экенин даңазалоо менен чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгүндө мугалимдин образын, алардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды, мугалимдик кесиптин ардактуулугун жана ошол эле убакта жоопкерчилигин таасын чагылдырат.

"Мугалимдин эмгегине жазуучу өтө урмат менен мамиле кыла тургандыгын ал жараткан Майсалбектин ("Саманчынын жолу"), Инкамал апанын ("Эрте келген турналар"), Айша апанын ("Фудзиямадагы кадыр түн"), Абуталиптин ("Кылым карытар бир күн") жаркын образдарынан, "Мугалим жакшылыктын – энеси" сыяктуу жана мугалимдин кадыр баркын көтөрүүгө, окуу-тарбия мектеп реформасына байланыштуу жазылган макалаларынан көрөбүз". [3;3]

"Кылым карытар бир күн" романында Абуталип Куттубаев адамдардын балдарына калтырган байлыктары жөнүндө ой толготуп, ал байлыктардын көбү башкалардын маңдай тескеринен куралаарын жана алардын ичи толтура адилетсиздик, арамдык экенин баса белгилеп, ал өз балдарына мурас катары адалдык менен арамдык, чындык менен калп тууралуу жана өзүнүн акыл жыйынтыктары жөнүндөгү күндөлүгүн мураска калтыраарын айтат.

"Илгерки кишилер балдарына мурас мүлк калтырышчу. Жакшылыккабы, жамандыккабы, ар кандай мурас калуучу. Ал тууралуу канча китептер жазылды, канча жомок куралды, ошол мурас мүлк-байлык көбүнесе арам байлык, башкалардын маңдай теринен куралган, ошол үчүн ал мурастын ичи толтура арамдык, күнөө, адилетсиздик. Менин калтыраар мурасымдын эч кимге зыяны жок". [4;4]

"Фудзиямадагы кадыр түн" драмасында Айша апанын бардык нерседен адамгерчиликти, чындыкты жогору коюп, адамдардагы наадандыкка, кара өзгөйлүккө, бийлик, мансап үчүн баарына даяр турган эки жүздүүлүккө сын көз менен карап, өзүнүн бир кездеги

окуучулары эмне себептен жакшы сапаттарга, башкача айтканда жалпы адамзаттык баалуулуктарга эгедер боло алышпаганын көрүп капа болот. Ал эми чыгармадагы дагы бир мугалимдик орун, бүт күчүн, бүт өмүрүн окуткан балдарга жумшаарын, тарых сабагын жөн гана согуштардын хронологиясы катары эмес, эзелтен берки турмуш мектеби экендигин үйрөтүүгө аракет кылган Мамбетке берилет. Адам баласынын өткөн өмүрү, баскан жолу таразага түшөрү, келечек муундар үчүн мурас кылар үлгү барбы, азыркы жашообуз адалбы, акпы деген ойлор, өз ишин дайыма чын ыклас менен орундатууга аракет кылган Мамбетти коштойт.

Учурда жогорку билими бар болуп туруп мугалимдик ишке жан дүйнөсү менен сүңгүп кире албаган мугалимдер дагы жок эмес, бирок ошондой болсо дагы улуу ойчул, даанышман Ч. Айтматовдун мугалимдеринен терең сабак ала алышат деген үмүт-тилек алдыга жетелейт. “Азыркы мугалимдер арасында тиешелүү жетишээрлик билимге мен эчак эле ээ болгонмун – деп өз билимин өркүндөтүүгө умтулбай, мугалимдик кесиптин улуу эрежесин унутта калтыргандар ондоп саналат. Айтматовдук мугалимдердин образы азыркы мугалимдер үчүн аталган кесиптин табиятын көп кырдуу чен-өлчөмдөрдүн чегинде андоо, таануу жана аларга карап түздөнүү үчүн татыктуу билим жана таасирлүү ориентир боло алат”. [5;5]

Улуу ойчулдун жараткан мугалимдердин образынан, балдарга асылдыктын нурун чачыраткан, жаш муундардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууга салымын кошо ала турган – бул мугалим экендигин көрө алабыз. Жаш муундарга тарбия берүүдө мугалимдин билими менен бирге алдыңкы катарда анын адамгерчилиги жогорку бийиктикте турат. Демек, мугалим өзү биринчи кезекте жалпы адамзаттык баалуулуктарга эгедер болуусу керек. Тагыраак айтканда болочок мугалимдерди калыптандырууда, Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимдердин адамгерчилиги, гумандуулугу, боорукердиги, чынчылдыгы, мээнетчилдиги болочок мугалимдер үчүн чоң үлгү боло алат десек жаңылышпайбыз.

“Айтматов мугалим затынын эч убакта ыйманына каршы ишке барышын ыраа көргөн эмес. Окутуу тарбиялоонун милдеттерин терең ыклас, ыйман менен жүзөгө ашырышкан. Ар кандай татаал шарт жагдайларга карабастан, балдар алдында берген убадаларына бек туруп кишилик, педагогдук абийирдүүлүктүн бийик өрнөгүн көрсөтө алышкан”. [6;6]

Ырасында эле, Айтматовдун мугалимдери татаал шарттарга, мезгилдин ар түрдүү кыйынчылыктарына карабай, өз кызыкчылыктарынан ыйманынын тазалыгын, адамгерчилигин жогору коюп өздөрүнөн кийинки муундарга алтын тамга менен адабият бетине жазылып калышты жана жалпы адамзатка тең баалуулуктарды педагогиканын кең ааламына алып чыга алышты. Ч. Айтматовдун мугалимдери адамгерчилик, гумандуулук сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктарга терең маани берип, адамдын жан дүйнөсү канчалык жарды болсо, ич күйдүлүк менен кара ниеттиктин доорону сүрүп, наадандык жана маданиятсыздык кулачын жайып турган учурда дагы жаш муундарды андай терс көрүнүштөрдүн чеңгээлинен сууруп чыгууда жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын түз жолуна багыттоодо чыныгы дем-күч, курч таасир бере турган инсандар экенине чыгармаларды окуган сайын ынанабыз деп ишенимдүү айта алабыз. Жазуучунун чыгармаларындагы мугалимдердин образадарынан мугалимдик кесип өтө мээнетчил жана ардактуу кесип экенине күбө болдук жана мезгилдин кандай күнү, кандай сааты болсо дагы “Эрте жаздагы турналар” повестиндеги Инкамал апай сыяктуу оромолун орунуп алып окуучуларды келечектеги орошон ойлорго жетелейт деп үмүт артмакчыбыз. Келечекте бүтүндөй мамлекеттин, элдин жүгүн көтөргөн инсандарды тарбиялап, эрезеге жеткирүүдө жана алардын адеп - ахлак жактан өркүндөөсү үчүн дарамети бийик, алысты көрө билген келечектеги мугалимдердин орду жөнүндө түмөндүү ойлорго барып такаларың бышык. Бул ойлордун бир учугун улуу ойчул, даанышман, кеменгер жазуучу Ч. Айтматов жараткан мугалимдердин образынан таба алдык десек болот. Залкар жазуучунун чыгармаларындагы мугалимдердин образынан болочок мугалимдерде, дегеле адам баласында жалпы адамзаттык баалуулуктардын болушу жаш муундардын алды менен адам болуп калыптануусундагы башкы багыттардын бири экендигинен кабар берет.

Улуу муундагы жазуучуларыбыз адабиятка жазуучу Айтматов гана келбестен аны менен бирге Айтматов мектеби келди деген пикирлерин айтып келишет. Андыктан ошол мектептин ичинде жалпы адамзаттык баалуулуктарды аздектеп, аларды жаш муундарга сиңире ала турган, алардын жан дүйнөсүн адамгерчиликке, гумандуулукка, жакшылыкка, боорукердикке үндөй турган мугалимдер мектеби дагы орун алган десек жаңылышпайбыз.

Чыңгыз Айтматов жараткан мугалимдердин образы ар бир жаш муун жана болочок мугалим үчүн үлгү боло бермекчи. Себеби жазуучунун чыгармаларынан ар бир болочоктогу мугалим, өзү үчүн баа жеткис көрөңгө топтой алат жана чыгармалардагы мугалимдерден гумандуулукту, боорукердикти, чынчылдыкты, адилеттүүлүктү, мээнеткечтикти, мекенин жана балдарды сүйүүнү, ыймандуулукту, чыдамкайлыкты, атуулдук ариетти сабырдуулукту үйрөнө алышат деген ойдобуз.

***Адабияттар***


1. *Айтматов Ч. II том. // Ф.: Кыргызстан, 1982, 422-б.*
2. *Асипова. Н. А. Окуучу жаштарды тарбиялоо жана билим берүүнүн актуалдуу маселелери. -Б.: КТУ “Манас”, 2016.*
3. *Акматалиев. А. А. Айтматовко таасирленүү. –Фр.: “Мектеп”, 1988.*
4. *Айтматов Ч. II том. –Ф.: Кыргызстан, 1982, 446-б.*
5. *Арзыбаев Т. К. “Айтматов окуулары - 2015» //Ч. Айтматовдун чыгармалары менен жаш муундарды тарбиялоо келечектин ачкычы: Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдары.- 2015*
6. *Алимбеков. А. Айтматовдун мугалимдери - асылдыктын өрнөктөрү. //Заман. Кыргызстан № 13. 2009.*


КОПИЯ ВЕРНА
Ученый секретарь